Аларды тек кой, анткени мен аларды даарат алып анан кийгенмин

Мугира (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен сапарда бирге болдум. (Даарат аларда) анын маасыларын тартмакчы болсом, ал: "Аларды тек кой, анткени мен аларды даарат алып анан кийгенмин " - деди. Анан аларга масх тартып койду.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сапарларынын биринде баратып даарат алат. Даарат алып бутун жубарга келгенде, пайгамбар бутун жууштугу үчүн Мугира бин Шуъба (Аллах андан ыраазы болсун) анын бутундагы маасыларын чечүү үчүн колун созот. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Ал экөөнү жөн кой, чечпегин, себеби мен буларды бутума кийгенде даарат алып анан кийгенмин дейт. Анан пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) буттарын жуунун ордуна маасыларына масх тартып койот.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3014